УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.86

Уркунчиева Г.
К. Карасаев атындагы БМУ

## “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ АЯЛДАРДЫН ОБРАЗЫ”

**Аннотация:** Бул макалада улуу «Манас» эпосундагы берилген идеялардын баалуулугу, эпостун моралдык–этикалык нарктары аналитикалык түрдө каралып, алардын маанилүүлүгү, турмуш, элдик философия менен байланышы тууралуу маселелер иликтенген. Эпостогу аялдардын образдарына баа берилип, алардын коомдогу элибиздин мурдатан бери калыптанган үй-бүлөө куруу, жар тандоо тууралуу көз караштары менен айкалышта чечмеленген. ”Манас” эпосундагы каармандардан Каныкейдин образынын чагылыдырылышы, анын мүнөзүндөгү жана башка каармандардан айырмалап турган акылман, көрөгөч, камкор, эмгекчил сапаттары талданган. Ошондой эле чыгармадагы каармандардан Алмамбеттин аялы Аруукенин образына тереңирээк талдоо жүргүзүлүп, анын акылдуулугу, сулуулугу, узчулук өнөрү, үй-бүлөнун куту, адамдык сапаттарынын эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү башка образдар менен салыштырылып жалпылыктары, индивидуалдуу жактары аныкталган .

**Түйүндүү сөздөр:** эпос,образ,идея,морал,этика,аналитика, философия, коом, көз караш,баалуулуктар, кайып, кейипкер, каарман, мүнөз.

Уркунчиева Г.
БГУ имени К. Карасаева

## ОБРАЗ ЖЕНЩИНЫ В ЭПОСЕ “МАНАС”

**Аннотация:** Эта статья посвящена великому эпосу “Манас” ценность идей, морально-этические ценности эпоса аналитически рассмотрено их значение, быт, народность исследовал вопросы о связи философии с религией. Эпический оцениваются женские образы и оцениваются их роли в жизни общества, взгляды на построение семьи, выбор партнера, сложившиеся с интерпретируется в сочетании с из героев эпоса “Манас”. Отражение образа Каныкея, ее характера и другие мудрый, дальновидный, заботливый, трудолюбивый, что отличает ее от персонажей качества проанализированы. Также из персонажей произведения. Более глубокий анализ образа жены Алмамбета Арууке, ее мудрость, красота, мастерство, семейная коробка, человеческие особенности передачи в эпосе качества другими образами сравниваются общие черты, определяются черты узловатые.

**Ключевые слова:** эпос, идея, мораль, этика, аналитика, философия, общество, мировозрение, ценности, неверующий, грустный, главный герой, характер, персонаж.

Urkunchieva G.
BSU named after K. Karasaev

## THE IMAGE OF A WOMAN IN THE EPIC “MANAS”

**Annotation:** this article is devoted to the great epic “Manas” the value of ideas, moral and ethical values of the epic analytically examined their meaning, way of life, nationality investigated questions about the relationship of philosophy with religion. Epic female images are evaluate ted and their roles in the life of society are evaluated. Views on building a family, choosing a partner,

formed with are interpreted in combination with. Of the heroes of the epic "Manas", the reflection of the image of Kanykey, his character, etc wise, far-sighted, caring, hardworking. What distinguishes him from the characters qualities are analyzed. Also, from the characters of the work, a deeper analysis of the image of Almambet Arukes wife, his wisdom, beauty, skill, family box, human characteristics of the transfer of qualities in the epic are compared with other images, common features are determined, individual features are determined knotty.

**Keywords**: epic. image, idea, morality, ethics, analytical, philosophy, society,wordview, values, unbeliever, sad, the main character, personality.

Ар бир элдин маданияты, тарыхы, көөнөрбөс баалуулуктары бар. «Манас» эпосу — кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун чагылдырган көөнөрбөс көркөм баалуулугу бар эпикалык чыгарма.

"Манас" эпосу идеялык-мазмуну жагынан баатырдык эпосторго таандык белгилери менен катар жеке өзүнө гана тиешелүү мүнөздүү өзгөчөлүккө ээ. Эпос дүйнөлүк аренада көлөм жагынан гана айырмаланбастан, андагы жалпы адамзаттык деңгээлдеги рухий-ыймандык дөөлөттөр, орошон бийик ойлор, омоктуу философиялык идеялар биздин күнгө сабак катары жетип отурат. Демек, "Манас" эпосунун кыргыз элинин дүйнөлүк маданият казынасына кошкон салымы зор десек жаңылышпайбыз.

"Манас" үчилтигинде аялзаты – дүйнөдөгү эң ыйык, кол тийгис, кереметтүү, назик, өзүнчө бир ажайып, улуу дүйнө катары сүрөттөлүп берилет. Улуу эпосто аялзаты – үй-бүлөнүн куту, ырыс – кешиги, эр-бүлөнүн жакшылык менен жамандыкты, ак менен караны, кубаныч менен азап-тозокту, жыргал менен кууралды тең бөлүшкөн жан күйөр адамы, эң жакын көргөн сүйгүнчүгү, өмүр шериги, жан жолдошу, акыреттик жары. [2, 122].

«Вазир жакшы, хан жакшы, Аял жакшы, эр жакшы» деген кыргыз элинде эң сонун макал бар. Жаман эркекти оңдоп кетүү - бул аялынын колунда. Анткени тээ алмустактан бери эле кыргыз аялдарынын аткарган милдети, эл турмушунда ойногон ролу өтө чоң болгон. Себеби аялдар жеке үй турмушундагы иштер менен эле чектелбестен бел чечип, ал гана эмес улуу согуштарда душмандын таш талканын чыгарган эркектердин жакын жардамчысы, акыл көксөөр билерман таянычы да болуп келишкен. Ошон үчүн элибиз: «Эрди эр кылган – аял», «Алган жары жарашпай, эркекке бак конбойт», «Акылдуу аял, эрдин багы» деп, аялдарга жогору баа берип келишкени бекеринен эмес. Манасты баатыр кылып, акылына-акыл, демине-дем кошуп, көрөгөчтүгү менен жол көрсөткөн энеси жана аялы Каныкей болгон. Каныкейдин образындагы негизги касиет, анын өтө кыраакы, баамчылдыгы. Алдыда боло турган нерселерди алдын-ала билүүсү, анын мүнөзүндөгү ашкере акылмандык болуп эсептелет. Ал эми жаман менен жакшыны, алыс менен жакынды, көп менен азды таразалай билген сынчылыгы да «Чоң казатта» көрүнөт. Саякбайдын вариантында Каныкей айлакер, акылман, кыраакы, чечкиндүү мүнөзгө эле ээ болбостон, баатыр, керек жерде жекеме-жеке күрөшкөн жоокер аял катары да сүрөттөлөт. «Героизм образа Каныкей заключается не в совершении ею каких-либо исключительных военных подвигов, на которые

традиционно способен герой-богатырь, а прежде всего в сохранении семейного очага, чести, достоинства и верности своему мужу. Каныкей потому становится в народном представлении идеалом женщины, что она - хранительница очага, очень заботливая и любящая мать и жена» [3, С.134]

Эпостогу Каныкейдин образынан кийинки эле орунда Арууке турат. Биз бул макалабызда Алмамбет баатырдын ак никелүү жары Аруукенин Алмамбет менен кошо элдин кайгы-муңун , азап-тозогун тең бөлүшкөндүгү, назиктиктин, сулуулуктун идеалы болуу менен бирге чыныгы сүйүүнү даңазалаган образын этикалык аспектиден алгачкы жолу аналитикалык талдоого алууну жана чечмелөөнү милдетибиз деп эсептедик. Алмамбет Манаска кандай жардамчы болсо, Арууке да Каныкейге өзүнүн уздугу, акылман жөн билгилиги жагынан ошондой жардамчы. Эпостогу аялы менен эринин бардык жагынан төп келиши элдик оозеки чыгармаларда негизги каармандарынын ички жана сырткы дүйнөсү жагынан келишкен, эл сүйүп, кадырлаган адамдар деген маанини билдирсе, экинчиден кандай мезгил, кырдаал болбосун илгертен эле кыргыз элинде эркек менен аялдын милдетинин бирдейлиги жөнүндөгү элдик идеяны даназалайт. Анын теги кайып менен периге байланыштырылып, Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Кайберендин ханы Байыңдын кызы делинсе, Саякбай Каралаевдин вариантында Агынай кызы Арууке-Каныкейдин синдиси. Ал өзүнүн аярлыгы, сыйкырчылыгы менен Айчүрөктүн образына жакындайт. Аруукенин колунан келбеген нерсеси жок (алсак, түрдүүчө кубула алат, жаратылышты каалаганындай тейлөөгө мүмкүнчүлүгү бар), каалагандай көрсөтүлгөнүнө карабастан ал кайыптар дүйнөсүнөн кечип, адамзатка ыктайт, Каныкейге жакындайт, жөнөкөй пендени артык көрөт [7, 140-141]. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Аруукеге таандык кайыптар чөйрөсү сырдуу, күчтүү, касиеттүү көрсөтүлөт:

Акылга дыйкан, өзү уз,

Ааламга келбейт мындай кыз.

Айтканы түркү сөзү түз,

Адамча багып күлбөгөн,

Атасы кайып, өзү суз. [5, 204].

Арууке жалпы түрк элдеринин байыркы түшүнүгүнөн жаратылган кейипкер катары көбүрөөк айтылат да, бара-бара:

Кайсы күнү жатаарда

Кай кеткенин жан билбей,

Кайып болуп калат деп,

Кайсы күнү катарлаш

Кыздар менен кысылып,

Кошо жатып алат деп [5, 94]. кайып да, адам да болуп сүрөттөлөт.

Кырк нөөкөр сулуу кырк чорого алтын ооз каркыттан арак сунуп, үйүндө сыйлап жатканда Алмамбет гана эшик оозунда турганын Манас менен Каныкей көрүштү да, Алмамбеттин эси чыккан немедей алайып карап турганына күлүп ийишти. Анда Алмамбет кебелип койбой, эмне болду дегендей ээк каккан Манаска көрүп албайсыңбы деп ичкериге ээк жаңсайт. Көрсө кызык иш болуптур. Алмамбет жарыштан чыгып келип, алеп-желеп болуп үйгө кирип барса, эпчи бурчта үтүрөйгөн кара кыз отуруптур. Арууке апсун окуп, албарсты болуп кубулуп алганын Алмамбет кайдан билсин. Тирүү жан карагыс кара кызды көрүп алып, Алмамбеттин көңүлү жипкирип, кайра чыгып турмагы ушул экен. Кайнисинин көңүлү айнып турганын байкаган Каныкей кыз оюндун жаңы түрүн баштады. Эми мындай деди Каныкей, айбан аттын жүйрүгүнө моюн сунбай, кийин өкүнүп калбагыдай, мына азыр сулуулар баатырларды өз өзү тандасын. Каныкейдин айтканы болду, кыздарынын көздөрүн байлап, кырк баатырды четке тургузуп, бирден барып кармаганыңарга тийгиле деген эрк болду. Көзү байлануу кырк сулуу кайсалап келип катар турган баатырларды бирден кармап кетишти. Баары эле аты апкелген күйөөлөрүн таап кетишти. Алмамбетти дагы баягы калабалуу кара кыз келип кармады. Баарына тийди сары кыз, мага эле жабышып калды ботала болгон кара кыз, деп Алмамбет эми чындап бушайман болду. Ызалыкка жеңдирип кол шилтеп басып кетүүгө баатырлык наркы жол бербейт. Оюнга катышпай ак коюуга кыз оюн-салты жол бербейт. Береги бир-бирден жактырган баатырларды колтуктап, ийиндерине башын жөлөп солкулдаган кыздар күлкү салды:

— Кайдан келген бу кыз?

— Салпылдаган бу немени катарга кошуп ким жүрсүн!..

Каныкей сыйкырдын сырын дале ичке катып, Алмамбетке бир келип шыбырады:

— Уругу улук кайыптан бу кыз, нускасында майып жок…

Аруукеге келип бир шыбырады:

— Бу баатыр какандын кашка тунугу, калың кытай улугу. Каалабастан кашайсаң Манаска сен тий, Алмамбетке мен эле тийейин!..

Арууке анда кеп айтат. Үнү чыкса, жөн эле кара кыз эмес, тантык кара кыз болуп калыптыр:

— Кыргыз эли туйук, кытай эли буйук, эмне мага туш келет кайта-кайта жүйүп? — деп тылтыйып тилин чыгарып коёт. Тулга согончок, төө таман, бети таш тулгадай, караса казан көөсүндөй, акшыңдаган эки көзү жеп ийчүдөй тиктейт, эти таар куудүрөк, коңур куйкул түйдөк

чачы бетек болуп бүтүптүр, деңгедей башы бар, жыйырмадан өткөн жашы бар. Баарынан да жанына жуук баргысыз саңырсыган жытын айт… Алмамбет сыйкырдын сырын туюнду. — Мен ушу сулууну тандадым! — деп кашкая күлдү да сыйкырдын жети арибин тескери окуп, өз амалын оң айтар замат кара кыздын үстүндөгү кеби сыйрылып түшүп, карагат көздүү, ай жүздүү адеми сулуу, үстүнөн ылдый нур төгүлүп тургандай жаркып алдына тура калганда калган кыздардын өңү өчө түшкөндөй болду. Башкасы түгүл Манас да, Каныкейдин колун коё берип, оозун ачып калыптыр.[1, 278-280]. Минтип Алмамбетке өзүн таап алууга түрдүү шарт коюшу да байыркы энелик доор мамилелеринин көркөм чагылдырылышынын бир үзүмү катары анын образынын түпкү тамырын тереңдетет. «Такие образы были созданы в так называемую «героическую эпоху», когда перед лицом внешней и внутренней опасности для народа, женщины наравне с мужчинами принимали активное участие в защите родины» [3, С.134].

Сагымбай Орозбаковдун вариантында Аруукенин Алмамбеттен минтип качыңкырап турушу кайыпты чанып, тентиген бирөөгө тийди деген айыңдан корккондугу менен негизделет. Алмамбетке кошулгандан кийин анын образы камкор, уз аял катары өнүгөт. Кошой кийип намыс алган кандагайды тиккенге катышып ага жалпы элдин батасы тиет. Арууке Алмамбетке жуп келип, эли үчүн талыкпаган, анын оор жүгүн теңдешкен аял катары көрсөтүлөт. [4, 7]. Манас менен Алмамбет Чоң Казатка аттанган кезде Арууке ыйлап туруп узак жолдо жанына медер болсун деп Алмамбетке кайрылып, боюнда күмөн бала бар экенин айтат. Кийин көз жарат, Күлчородой элдик баатырдын энеси болуп, баласына туура тарбия берип чоңойтот. Чоң Казатта Коңурбай Алмамбет, Сыргак ж.б. өлтүртөт. Ал өлгөндөн кийин Абыкеге Алмамбеттин жесири Аруукени алып бермей болушат. Каныкей сыяктуу Арууке дагы Абыкеге күйөөгө чыгуудан баш тартат. Баш тарткандыгынын жазасы катары Абыке аны сарайдан кууп чыгып, күңдөрдүн катарына кошуп, саанчы кылып салат. Тагдыры аянычтуу аяктаса да өзүнүн тагдырына моюн сунган, кайраттуу, намыстуу, акылдуу жубай болгон.

Демек, Аруукенин кимдин кызы, ата-теги тууралуу так маалымат жок, манасчылардын айтымында ар кандай варианттарды кезиктирүүгө болот. Ал эң мыкты жубай, уз, колунан баардык иш келген, сулуу жана мыкты эне болгону баарыбызга белгилүү. Жеңил ойлуулукка алдырбай турмушка чыгар алдында дагы болочоктогу жолдошун сындан өткөргөнү да көңүлгө толорлук иш. Мындай жакшы сапаттарды ар бир кыргыз айымдарынын кезиктирүүгө болот.

**Адабияттар**

1. Жакыпбеков А. Теңири Манас. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 560 б.
2. Жумалиев К. “Манас” эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар.-Б.:1999. – 262 б.
3. Мурзахмедова Г. Идеал кыргызской женщины в героическом эпосе «Манас» // Вестник Бишкекского гуманитарного университета, 2014. - №2. – С.134
4. Максүтов Т., Мамытов Ү. «Манас» эпосундагы кыз-келиндер тарбиясы, элдик улуу педагогиканын чагылдырылышы. //Заман Кыргызстан.-1994.-30-сентябрь, №57- Б.7